Жалал-Абад мамлекеттик университети боюнча

№10 буюртма (11.11.2019)

Мамлекеттик аттестацияга даярдык көрүү максатында:

Кафедра, бөлүм башчылары төмөнкү документтерди 20.11.2019 чейин окуу бөлүмүнө тапшырсын (электрондук варианты менен):

1. Адистиктер/даярдоо багыттары (профилдер) боюнча МАКтын курамын бекитүү жөнүндөгү кафедра башчыларынын билдирүүсү;
2. Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстан тарыхы жана Кыргызстандын географиясы боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын МАКтын курамы жөнүндө билдирүү тиешелүү кафедралардын кафедра башчылары тарабынан такталып берилсин;
3. МАКтын төрагасына кафедранын сунушу жана төраганын макулдугу;
4. Дипломдук, квалификациялык иштердин (долбоорлордун) темаларын бекитүү жөнүндөгү кафедра башчыларынын билдирүүсү;
5. Мамлекеттик аттестациядагы дисциплиналардын тизмеси жана алардын программалары калыптандыруучу компетенцияларды (индексин) жана күтүлүүчү натыйжаларды көрсөтүү менен берилсин (программалардын биринчи бетинин даярдалышы 1-тиркемеде көрсөтүлгөн).
6. МАКтын техникалык катчыларынын милдеттери тааныштырылсын.

Эскертүү: МАКтын курамын түзүүдө төмөнкүлөр эске алынсын:

1. МАКтын курамынын аты-жөнү, илимий даражасы, наамы, кызматы толук жазылсын;
2. МАКтын төрагалыгына (төрайымына) бүтүрүүчүлөр үчүн иш берүүчү ишкана-мекемелердин жетекчи-кызматкерлеринен, орун басарларынан жана бөлүм башчыларынан көрсөтүлсүн;
3. ЖАМУнун административдик башкаруу кызматкерлери, факультеттердин декандары, кафедра башчылары, директорлор, бөлүм башчылар МАКтын курамына киргизилбесин;
4. МАКтын курамына окуу планынын адистик циклындагы дисциплиналарды окуткан профессор-окутуучулардан киргизилсин;
5. МАКтын төрагасынын (төрайымынын) орун басары ЖАМУда иштебеген, илимий даражалуу кызматкер болушу шарт;

ЖАМУнун окуу иштери боюнча

проректору: Алибаев А. П.